**" Окуучулук күндөр"**

Сөзү: Борбуев Берадор Сманович(Бек борбиев)

Обону: Борбуев Берадор Сманович(Бек борбиев)

Актай кагаз алганмын

Ак кайык жасаганмын

Окуучулук өмүрүм деп жазганмын

Аккан сууга салганмын

Көпкө чуркап барганмын

Узаганча кол булгалап калганмын

Агып кеткен окуучулук кайыгым

Эми издеп таппай калдым дайынын

Үнсүз тиктеп тоонун булагын

Өткөндү эстеп бүгүн турамын

Аттиң, менин ошол бала курагым

Он жыл бирге туздашым

Класcташым, курдашым

Аман болгун тагдыр кайда бурбасын

Акыл айтчу ар дайым

Эжейлерим агайым

Кеч болсо да рахматым айтайын

Агып кеткен окуучулук кайыгым

Эми издеп таппай калдым дайынын

Үнсүз тиктеп тоонун булагын

Өткөндү эстеп бүгүн турамын

Аттиң, менин ошол бала курагым

Агып кеткен окуучулук кайыгым

Эми издеп таппай калдым дайынын

Үнсүз тиктеп тоонун булагын

Өткөндү эстеп бүгүн турамын

Аттиң, менин ошол бала курагым

Окуучулук күндөрүмдү

Эми издеп таппай калдым

Үнсүз тиктеп тоонун булагын

Өткөндү эстеп бүгүн турамын

Аттиң, менин ошол бала курагым